КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Кадырбек Мусаевич Матсаковдун
Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 7-июлундагы аныктамасына даттануусун кароо жөнүндө

АНЫКТАМАСЫ

2026-жылдын 25-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы З. Токтосунованын катышуусунда, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесин жетекчиликке алып, К.М. Матсаковдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 7-июлундагы аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

К.М. Матсаковдун өтүнүчү боюнча даттанууда келтирилген жүйөлөрдү жана материалдарды изилдеп чыгып, судья Ч.А. Айдарбекованын маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т А П Т Ы:

2026-жылдын 16-июнунда Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Н.И. Парпибаева менен Х.Э. Атаназаровдун кызыкчылыгын көздөгөн К.М. Матсаковдун “Кесиптик бирликтер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесинин биринчи абзацындагы “Кесиптик бирликтердин менчиги менчиктештирилүүгө тийиш эмес” деген сөздөр менен берилген ченемдик жобонун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 10, 15, 23, 24, 40 жана 41-беренелерине шайкештигин текшерүү, ошондой эле көрсөтүлгөн жобонун аталган Мыйзамдын 21-беренесинин биринчи абзацынын биринчи сүйлөмү жана 21-1-беренеси менен өз ара байланышта расмий чечмелеп берүү жөнүндө өтүнүч каты келип түшкөн.

Арыз ээси Мыйзамдын 21-беренесинин биринчи абзацынын биринчи сүйлөм кесиптик бирликтердин өздөрүнө таандык мүлккө жана акча каражаттарына ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө укугун бекитерин, ал эми кийинки сүйлөмдө кесиптик бирликтердин менчиги менчиктештирүүгө жатпай тургандыгы белгиленгенин көрсөткөн. Анын пикири боюнча мыйзамдарда “менчиктештирүү” түшүнүгү мамлекеттик мүлктү жеке менчикке ажыратуу менен байланышкан, натыйжада бул түшүнүктү кесиптик бирликтердин менчигине карата колдонуу белгиленген тыюунун мазмунуна жана кесиптик бирликтердин өз мүлкүн тескөө укугун жүзөгө ашыруу чектерине байланыштуу аныксыздыкты жаратат.

Мындан тышкары, К.М. Матсаков кесиптик бирликтердин акча каражаттарынын түзүлүү булактары жөнүндө, анын ичинде ажыратылып жаткан мүлк тууралуу маалыматты камтыган жыйынды маалыматты жыл

сайын жарыялоо милдетин караган Мыйзамдын 21-1-беренесине шилтеме жасаган. Анын пикири боюнча бир жагынан Мыйзамдын 21-беренесинде кесиптик бирликтердин өздөрүнө таандык мүлктү тескөө укугунун бекитилиши, экинчи жагынан аны менчиктештирүүгө тыюу салынышы, ошондой эле 21-1-беренеде каралган мүлктү ажыратуунун жөнгө салынышы аталган жоболордун мазмунун жана өз ара катышын бир мааниде аныктоого мүмкүндүк бербейт.

Ушуга байланыштуу арыз ээси кесиптик бирликтердин мүлкүн сатып алуу-сатууга, алмаштырууга, белекке берүүгө, уставдык капиталга салым катары киргизүүгө жана аны тескөөнүн башка жарандык-укуктук ыкмаларына жол берилеби деген маселени койгон. Анын пикири боюнча орун алган аныксыздык Мыйзамды ар түрдүү колдонууга шарт түзүп, муну менен укуктук аныктык жана теңдик принциптерине, ошондой эле менчиктин жана экономикалык ишмердүүлүк эркиндигинин конституциялык кепилдиктерине таасирин тийгизет.

Коюлган маселенин практикалык мүнөзүн ырастоо үчүн К.М. Матсаков кесиптик бирликтердин мүлкүн ажыратууга байланышкан жарандык иштер боюнча кабыл алынган сот актыларына шилтеме жасаган. Арыз ээсинин пикири боюнча аталган талаш-тартыштарды чечүүдө талашылып жаткан жобонун колдонулушу анда камтылган тыюу жарандык-укуктук бүтүмдөр аркылуу кесиптик бирликтердин мүлкүн тескөө мүмкүнчүлүгүн чектейт деп түшүнүүгө жол берээрин айгинелейт.

Баяндалгандардын негизинде арыз ээси талашылып жаткан ченемдик жобону кесиптик бирликтердин мүлкүн тескөөгө жана ажыратууга карата аныксыздык жараткан бөлүгүндө Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну, ошондой эле талашылып жаткан ченемдик жобону «Кесиптик бирликтер жөнүндө» Мыйзамдын 21-беренесинин биринчи сүйлөмү жана 21-1-беренеси менен өз ара байланышта расмий чечмелөөнү суранган.

Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 7-июлундагы аныктамасы менен аталган өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Судьялар коллегиясы Мыйзамдын 21-беренесинин биринчи абзацынын биринчи сүйлөмү кесиптик бирликтердин өздөрүнө таандык мүлккө жана акча каражаттарына ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө укугун түздөн-түз бекитерин белгилеген. Ушуга байланыштуу кийинки сүйлөмдө кесиптик бирликтердин менчиги менчиктештирүүгө жатпайт деп көрсөтүлүшү өзүнчө алганда мыйзамда бекитилген тескөө укугун жокко чыгарууну билдирбейт. Ал эми арыз ээси койгон “менчиктештирүү” түшүнүгүнүн мааниси жана анын мүлктү ажыратуунун жарандык-укуктук ыкмалары менен өз ара катышы жөнүндөгү маселе колдонуудагы мыйзамдардын жоболорун системалуу тактап түшүнүүнү талап кылат.

Ошондой эле, судьялар коллегиясы белгилүү бир мүлктүн укуктук режимине, аны тескөөнүн негиздерине жана тартибине, тиешелүү адамдардын ыйгарым укуктарына жана жасалган бүтүмдөрдүн жаракту улугуна байланыштуу маселелер конкреттүү иштин жагдайларын эске алуу менен жарандык жана атайын мыйзамдардын жоболорун колдонуу менен чечилерин белгилеген. Арыз ээси тарабынан берилген соттук актылар конкреттүү жарандык-укуктук талаш-тартыштардын бар экендигин тастыктайт, бирок алардын жалпы юрисдикциядагы соттор тарабынан чечилишинин тууралыгын кароо Конституциялык соттун ыйгарым укуктарына кирбейт.

Мыйзамдын айрым жоболорун расмий чечмелөө талабы боюнча судьялар коллегиясы ал иш жүзүндө Мыйзамдын 21 жана 21-1-беренелеринин мазмунун жана өз ара катышын аныктоого багытталган деген тыянакка келген. Ошол эле учурда Конституциялык сот Кыргыз Республикасынын Конституциясын расмий чечмелейт, ал эми башка ченемдик укуктук актыларды расмий чечмелөө мыйзамдарда каралган тартипте жүргүзүлөт. Ушуга байланыштуу, арыз ээси койгон мыйзамдык

тактоо, системалуу чечмелөө жана Мыйзамдын жоболорун колдонуу маселелери Конституциялык соттун ыйгарым укуктарына кирбейт.

Судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 7-июлундагы аныктамасына макул болбогон К.М. Матсаков Конституциялык сотко даттануу менен кайрылып, анда баштапкы өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негизсиздиги жөнүндө жүйөлөрдү келтирген.

К.М. Матсаков даттануусун негиздөөдө, мыйзамда каралган кайрылуунун жол берилүү шарттары сакталганын: өтүнүч каттын формасына жана мазмунуна коюлган талаптарга ылайык келерин; өзү өкүлчүлүк кылган адамдардын Конституциялык сотко кайрылуу укугу жана өкүлдүн тийиштүү түрдө таризделген ыйгарым укуктары бар экенин; коюлган маселе Конституциялык соттун компетенциясына киреринин; ушул эле предмет боюнча Конституциялык соттун мурда кабыл алынган чечими жок экенин; кайрылуу кайталанбаганын жана талашылып жаткан ченемдик жобо юридикалык күчүн сактап турганын көрсөткөн. Арыз ээси, мындай жагдайларда өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартууга мыйзамда каралган негиздер жок деп эсептейт.

К.М. Матсаков судьялар коллегиясынын конституциялык-укуктук аныксыздык жок деген тыянагына да каршы пикирин билдирген. Ал, кесиптик бирликтердин менчигине карата “менчиктештирүү” түшүнүгүнүн бир мааниде эместиги жана мындай мүлктү тескөө чектерин ар кандай аныктоо мүмкүнчүлүгү өзү өкүлчүлүк кылган адамдардын конституциялык укуктарына жана укуктук аныктуулук принцибине түздөн-түз тиешеси бар, андыктан коюлган маселе конституциялык-укуктук мүнөзгө ээ деп эсептейт.

Мындан тышкары, арыз ээси өтүнүчтү кабыл алуудан баш тартуу укук колдонуу практикасы менен ырасталган укуктук аныксыздыкты жойбойт деп эсептейт, анткени талашылып жаткан жобо конкреттүү соттук иштерде колдонулуп, өзү өкүлчүлүк кылган адамдардын мүлктүк укуктарына олуттуу таасирин тийгизген.

Баяндалгандардын негизинде К.М.Матсаков даттанууну канааттандырууну, Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 7-июлундагы аныктамасын жокко чыгарууну жана алгачкы өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алууну суранат.

Конституциялык сот даттануунун жүйөлөрүн, судьялар коллегиясынын даттанылып жаткан аныктамасынын мазмунун жана берилген материалдарды талкуулап, төмөнкүдөй тыянакка келди.

1. Судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктамасына берилген даттанууну кароодо Конституциялык сот алгачкы кайрылуунун мазмунуна жана арыз ээси коллегиянын тыянактарын төгүндөө үчүн келтирген жүйөлөргө таянып, алардын негиздүүлүгүн текшерет. Мындай текшерүү “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамда каралган ишти кароо үчүн негиздердин бар экендигин аныктоону, ошондой эле арыз ээси тарабынан коюлган маселелердин анык мүнөзүн жана алардын конституциялык контролдоонун предметине тиешелүүлүгүн белгилөөнү камтыйт.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 26-беренесине ылайык, ишти кароого мыйзамдын же башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга шайкештиги жөнүндө маселеде пайда болгон аныксыздык негиз болуп саналат. Демек, кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу үчүн арыз ээсинин ченемдик жобонун мазмунуна, чечмеленишине же колдонулушуна макул эместиги жетишсиз. Мындай аныксыздык конституциялык-укуктук мүнөзгө ээ болууга, башкача айтканда, талашылып жаткан жобонун ченемдик мазмунунун Конституциянын конкреттүү көрсөтмөлөрүнө шайкештиги жөнүндө негиздүү маселе коюуга негиз берүүгө тийиш.

Ушуга байланыштуу ченемдик жобонун конституциялуулугу жөнүндөгү маселедеги аныксыздыкты мыйзамда колдонулган терминдин маанисин, ченемдин колдонуу чөйрөсүн же анын колдонууда мыйзамдардын

башка жоболору менен өз ара катышын аныктоодо келип чыккан түшүнүксүздүктөн айырмалоо зарыл. Ченемдик жөнгө салуунун мазмунун системалуу тактап түшүнүү зарылдыгы өзүнчө алганда конституциялык-укуктук аныксыздыктын бар экенин билдирбейт. Арыз ээси тарабынан коюлган маселенин мүнөзүн алдын ала текшерүү баскычында баалоо конституциялык контролдоонун предметин колдонуудагы мыйзамдарды чечмелөө же колдонуу маселелеринен ажыратуу үчүн зарыл жана талашылып жаткан жобонун конституциялуулугу жөнүндө маселени маңызы боюнча чечүүнү билдирбейт.

2. Алгачкы кайрылуудан көрүнүп тургандай, К.М. Матсаков белгилеген баштапкы укуктук маселе, оболу, Мыйзамдын өзүнүн жоболорунун болжолдуу өз ара шайкеш эместигинде жана анда колдонулган “тескөө”, “менчиктештирүү” жана “ажыратуу” сыяктуу укуктук категориялардын мазмунун жана өз ара катышын аныктоо зарылдыгында турат. Бирок бир ченемдик укуктук актынын жоболорундагы болжолдуу ички шайкешсиздик өзүнчө алганда ошол актынын Конституцияга шайкештиги жөнүндөгү маселедеги аныксыздык болуп эсептелбейт. Конституциялык сот өндүрүшүнүн тартибинде чечилүүгө тийиш болгон маселе жаралышы үчүн мындай шайкеш эместик конституциялык-укуктук мааниге ээ болууга, башкача айтканда, талашылып жаткан жобонун ченемдик мазмунунун конкреттүү конституциялык көрсөтмөлөр менен шайкештигинен негиздүү күмөн саноо үчүн негиз берүүгө тийиш.

Мында мыйзамдын жоболорунун болжолдуу ички шайкеш эместигинин өзү конституциялык контролдоону жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт. Бирок бул үчүн мыйзам чыгаруучу колдонгон түшүнүктөрдүн айырмачылыгын, аларды ар кандай түшүнүү мүмкүнчүлүгүн же мыйзамдын айрым жоболорун өз ара шайкеш келтирүү зарылдыгын көрсөтүү жетишсиз. Кайрылуунун жүйөлөрү талашылып жаткан жобонун кайсы ченемдик мазмуну жана кайсы аспектте Конституцияга шайкеш келбейт деген негиздүү маселени коюуга мүмкүндүк берүүгө тийиш.

Ал эми андай болбогондо, колдонуудагы мыйзамдардын кандай болбосун жоболорун чечмелөө же өз ара шайкеш келтирүү зарылдыгы өзүнчө алганда конституциялык контролдоону жүргүзүү үчүн жетиштүү негиз болмок дегенди билдирмек.

Каралып жаткан учурда алгачкы кайрылууда келтирилген жүйөлөр мындай конституциялык-укуктук аныксыздыктын бар экенин көрүүгө мүмкүндүк бербейт. Арыз ээси Конституциянын 10, 15, 23, 24, 40 жана 41-беренелеринин болжолдуу бузулушун Мыйзамдын 21-беренесинде камтылган менчиктештирүүгө тыюуну кесиптик бирликтердин мүлкүн жарандык-укуктук жол менен ажыратууга тыюу салуу же аны чектөө катары түшүнүүдөн чыгарган. Ошол эле учурда талашылып жаткан жобонун дал ушундай ченемдик мазмунга ээ экендиги жөнүндө маселе арыз ээси талап кылган Мыйзамдын ченемдерин расмий чечмелөөнүн предмети болуп саналат, анткени К.М. Матсаков “менчиктештирүү” түшүнүгү сатуу, алмаштыруу, белекке берүү жана мүлктү тескөөнүн башка жарандык-укуктук ыкмаларын камтыйбы же жокпу, ошону аныктоону суранган.

Демек, кайрылуунун автору тарабынан коюлган талашылып жаткан жобонун Конституцияга карама-каршылыгы жөнүндө маселе “менчиктештирүү” түшүнүгүнүн маанисин жана анын кесиптик бирликтерге бекитилген мүлктү тескөө укугу, ошондой эле Мыйзамдын 21-1-беренесинин жоболору менен өз ара катышын алдын ала чечүүдөн келип чыгат. Башкача айтканда, арыз ээси конституциялык укуктардын болжолдуу бузулушун талашылып жаткан жобону түшүнүүнүн мүмкүн болгон вариантарынын бири менен байланыштырып, ошол эле учурда анын мазмунун колдонуудагы мыйзамдарды расмий чечмелөө аркылуу аныктоону суранган. Мындай жагдайларда конституциялык принциптерге жана кепилдиктерге шилтеме жасоонун өзү коюлган маселенин мүнөзүн өзгөртпөйт жана талашылып жаткан ченемдик жобонун Конституцияга шайкештиги жөнүндөгү маселеде аныксыздыктын бар экенин билдирбейт.

3. К.М. Матсаковдун Мыйзамдын 21-беренесин анын биринчи сүйлөмү жана 21-1-беренеси менен өз ара байланышта расмий чечмелөө талабы да конституциялык контролдоонун өз алдынча предмети катары каралышы мүмкүн эмес.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 20-беренесине ылайык, Конституциялык соттун расмий чечмелөө боюнча ыйгарым укугу Конституцияга жайылтылат. Өз кезегинде Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 80-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунда мыйзамдарды расмий чечмелөө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин компетенциясына кирери каралган.

Ушуга байланыштуу “Кесиптик бирликтер жөнүндө” Мыйзамдын жоболорунун болжолдуу ички шайкеш эместигин мыйзамдык жөнгө салууну өзгөртүү же толуктоо, ага тете мыйзамда белгиленген тартипте аны расмий чечмелөө аркылуу жоюу тиешелүү ченем жаратуучу органдын ордуна Конституциялык сот тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн эмес. Конституциялык сот конституциялык контролдоону жүргүзүү үчүн зарыл болгон өлчөмдө мыйзамдык жоболордун мазмунун тактоого укуктуу, бирок мындай тактоону өз алдынча талап болгон колдонуудагы мыйзамдарды расмий чечмелөөдөн айырмалоо зарыл. Андыктан К.М Матсаков койгон “Кесиптик бирликтер жөнүндө” Мыйзамдын жоболорун расмий чечмелөө жөнүндө маселе конституциялык контролдоо органынын компетенциясына кирбейт.

Ошентип, К.М. Матсаков келтирген жүйөлөр, оболу, Мыйзамдын жоболорунун мазмунун жана өз ара катышын аныктоо зарылдыгын көрсөтөт, ал эми талашылып жаткан ченемдик жобонун Конституцияга шайкештиги жөнүндөгү маселеде түздөн-түз аныксыздыктын бар экендиги алар менен негизделген эмес. Мыйзамдын 21 жана 21-1-беренелеринин мазмунун жана өз ара катышын аныктоо талабы бөлүгүн алсак, алгачкы кайрылуу иш жүзүндө колдонуудагы мыйзамдарды расмий чечмелөөнү алууга багытталган, ал эми сот актыларына шилтемелер тиешелүү жөнгө салууну конкреттүү жарандык-укуктук мамилелерде колдонуу маселелерин козгойт.

Мындай жагдайларда судьялар коллегиясы 2026-жылдын 7-июлундагы аныктаманы чыгарууда алгачкы кайрылууда коюлган маселелердин мүнөзүн негиздүү аныктаган жана анда келтирилген жүйөлөргө кайрылуунун жол берилүү маселесин чечүү үчүн зарыл болгон көлөмдө баа берген. Даттануунун жүйөлөрү алгачкы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу үчүн мыйзамда каралган негиздин жоктугу жөнүндө судьялар коллегиясынын тыянактарын төгүндөбөйт. Ошондуктан К.М. Матсаковдун даттануусун канааттандырууга жана судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 7-июлундагы даттанылып жаткан аныктамасын жокко чыгарууга негиз жок.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 38, 48, 49-беренелерин жана 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

А Н Ы К Т А Д Ы:

1. Нилуфар Ибрагимовна Парпибаеванын жана Хабибулла Эргешович Атаназаровдун кызыкчылыктарын көздөгөн Кадырбек Мусаевич Матсаковдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2026-жылдын 7-июлундагы аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Ушул аныктама акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ